Ош мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин бириккен кесиптик бирлик комитетинин ортосундагы **2025-2026-окуу жылга** түзүлгөн

## Жамааттык Келишим

### 1. Жалпы жобо

Ош мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин бириккен кесиптик бирлик комитетинин ортосундагы ушул жамааттык келишим Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, "Социалдык өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын эске алуу менен социалдык өнөктөштүктү, эмгек мамилелерин жөнгө салууну чыңдоо жана өнүктүрүү максатында түзүлдү.

Жамааттык келишим локалдык ченемдик акт болуп саналат, ал социалдык – эмгектик мамилелерди жөнгө салуунун негизги багыттарын аныктайт, **2025-2026-окуу жылга** социалдык –экономикалык саясаттын макулдашылган жалпы принциптерин белгилейт.
Тараптар талаш-тартыш кырдаалдарды өз ара урматтоонун негизинде сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүнүн зарыл чараларын көрүүгө милдеттенет.

Ушул жамааттык келишим кол коюлган учурдан тартып **2025-жылдын сентябрь айынан 2026-жылы толугу** менен күчүндө болот.

Тараптар жамааттык келишимдин күчүнө кирген мөөнөтүнүн ичинде анын аткарылышын бир тараптуу токтотууга укугу жок.

ОшМУда түзүлгөн жамааттык келишимге кошумча жеңилдиктерди жана кепилдиктерди тараптардын өкүлдөрү киргизе алышат, бирок ал аракеттеги эмгектик мыйзамдарда жана тармактык макулдашууларда белгиленгендерден төмөн болбоого тийиш.

Жамааттык келишимдин аткарылышына контроль өнөктөш тараптар тарабынан алардын өкүлдөрү аркылуу жүзөгө ашырылат. Тараптар жалпыга маалымдоо каражаттарында, анын ичинде "Дидактика", "НУР" газетасынын беттеринде, edu@oshsu.kg https://prof.oshsu.kg тармактык сайттарда ушул жамааттык келишимдин аткарылышын жүрүшүн маал-маалы менен чагылдырып турат.

### 2. Жамааттык келишимдин иш аракет мөөнөтү

Жамааттык келишимдин иш-аракети уюмдун (түзүмдүк бөлүмдүн) бардык кызматкерлерине, студенттерге жайылтылат жана сайттарга жайгаштырылат.

-Жамааттык келишим уюмдун курамы, түзүмү, башкаруу органынын аталышы өзгөргөн учурда, уюмдун жетекчиси менен эмгек келишими (контракты) бузулганда өз күчүн сактап калат.

Сканировано с CamScanner

Кайра уюштурууда (биригүү, кошулуу, бөлүнүү, бөлүү, өзгөртүп түзүү) жамаатык келишим кайра уюштуруу жүрүп жаткан мезгилге өз күчүн сактап калат, андан кийин тараптардын биринин демилгеси боюнча кайра каралышы мүмкүн.
Уюм юридикалык жактарды каттоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген таартипте жана шарттарда жоюлганда жамааттык келишим жоюу жүрүп жаткан бардык учурда күчүндө калат.

## 3.Тараптардын кызматташуусунун негизги багыттары

3.1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы №221 Жарлыгы менен бекитилген, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясынын алкагында Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнүн өнүктүрүүнүн программасын, ошондой эле билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү башка программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча иштерди улантат.
3.2.Ош мамлекеттик университетинде эмгектенген кызматкерлердин эмгек акысын көбөйтүү боюнча иштерди улантат.
3.3.Биргелешкен аракеттер менен мезгилдин азыркы чакырыктарына жооп берген жогорку квалификациялуу адис-практиктерди даярдоого өзгөчө көңүл буруу менен окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногунда керектүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу.
3.4.Адистерди даярдоодо аларды андан ары эмгекке жайгаштыруу максатында иш берүүчүлөрдү окуу жайы менен өз ара аракеттенүүгө тартуу.
3.5.Социалдык өнөктөштөрдүн тарабына ылайык эмгек акы, эмгекти коргоп, социалдык – экономикалык, студенттердин жашоо шарттары жана башка маселелер боюнча маалымат алмашуу боюнча кызматташуу.
3.6.Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 45-беренесинде көрсөтүлгөн педагогикалык кызматкердин социалдык укуктарын жана кепилдиктерин так аныктоо боюнча Ош мамлекеттик университетинин локалдык ченемдик актыларын иштеп чыгууну Ош мамлекеттик университетинин Бириккен кесиптик бирлиги менен биргеликте жүргүзүү.

## 4.Жумушка кабыл алуу жана кызматкерлердин эмгегине акы төлөө

4.1. Ош мамлекеттик университети кызматкерлерди жумушка кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 17-беренесинен тартып, 36-беренесине ылайык жүргүзүлөт.
4.2.Ош мамлекеттик университетинде илимий-педагогикалык кызматкерлердин бардык кызмат орундарын ээлөө 5 жылга чейинки мөөнөткө түзүлгөн эмгек келишими боюнча ишке кергизилет.

Сканировано с CamScanner

4.3. Окуу жайда илимий –педагогигалык кызматкерлердин кызмат орундарын ээлөөдө, эмгек келишимин түзүүгө чейин конкурстук тандоо өткөрүлөт.

4.4. Ош мамлекеттик университети өзгөчө статуска ээ болгон мамлекеттик жогорку окуу жайлардын катарына киргизилгендиктен профессордук- окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөөнүн тартибин өз алдынча аныктоого укуктуу.

4.5. Конкурстук тандоодон өткөн профессордук-окутуучулук курам менен түзүлгөн мөөноттүү эмгек келишимин бир окуу жылына эмес, милдеттүү түрдө беш жылдан ашпаган мөөнөткө чейин түзүүгө жетишүү.

4.6. Ош мамлекеттик университетинде кызматкерлерге эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 91-беренесинен тартып, 111-беренесине чейинки мыйзам талабы боюнча төлөнөт.

4.7. Жыл ичиндеги иштин жыйынтыгы боюнча, иштеген жылдары үчүн акы төлөөнүн сый акыларынын тартиби жана шарттары, материалдык сыйлоонун башка түрлөрү локалдык ченемдик актылар менен аныкталат.

4.8.Ош мамлекеттик университетинин кызматкеринин эмгек акысы негизги кызматтык (тарифтик) маянадан (штаттык расписание боюнча), кошумча төлөмдөрдөн, үстөк акылардан, сыйлыктардан, ошондой эле компенсациялык жана кызыктыруучу төлөмдөрдөн турат.

4.9. Кызматкерлерге эмгек мыйзамдарына ылайык ашыкча жумуш убактысы, майрам жана дем алыш күндөрү үчүн жогорулатылган акы төлөнөт.

4.10.Эмгек акы төлөө ар бир айдын 5-күнүнө чейин жүргүзүлөт. Иш берүүчүгө көз каранды болбогон себептер боюнча эмгек акы төлөө мүмкүн болбогон учурда, ал кызматкерге мүмкүн болушунча тезирээк, бир жумадан кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү. Иш берүүчү ар бир кызматкерге эмгек акы берилген күнү төлөнүүчү эмгек акынын курамдык бөлүктөрүн, эмгек акыдан кармап калуулардын суммасын, ошондой эле жалпы суманы көрсөтүү менен эмгек акы төлөө баракчасын берүү түрүндө билдирүүгө милдеттүү.

4.11.Айкалыштыруу боюнча иштеген кызматкерлер менен белгилүү мөөнөткө эмгек келишими түзүлөт (КР ЭКнин 18-беренесинин 12-13-пунктчалар).

4.12.Эгерде Ош мамлекеттик университетинде иш аткаруу мезгилинде кызматкер өз арызы менен эмгек акысы сакталбаган акысыз өргүүгө чыгууга укуктуу (КР ЭКнин 77-беренеси).

4.13.Каникул мезгили үчүн сакталып калган орточо эмгек акы ал башталганга чейин 2 күндөн кечиктирилбестен төлөнүүгө тийиш. Өргүү акысы кечиктирилген учурда эмгек өргүүсүн баштоо төлөм кечиктирилген күндөрдүн санына жылдырылышы мүмкүн.

Сканировано с CamScanner

4.14. Эгерде иш берүүчү эмгек акыны, өргүү акысын жана башка төлөмдөрдү төлөө моонотүн бузган учурда, иш берүүчү ар бир мөөнөтү өтүп кеткен календарлык күн үчүн иш жүзүндө төлонбөгөн сумманын 0,25% өлчөмүндө кошумча айып төлөөгө милдеттүү.

4.15. Ченемдик укуктук актыларга ылайык, жогорку квалификациялуу кызматкерлерге кызматтык маяналарына ай сайын үстөк акы төлөнүүгө милдеттүү:

- " Элдик" жана "Эмгек сиңирген" наамдары үчүн;
- Илимдин кандидаты илимий даражасы үчүн;
- Илимдин доктору илимий даражасы үчүн;

4.16. Уюмдагы жалпы иш стажы үчүн уюмдун кызматкерлери кызматтык маяналарына төмөнкү өлчөмдөрдө кошумча акы алууга укуктуу.

| Уюмда иштеген стажы | Төлөмдүн өлчөмү % менен |
|---|---|
| 3-5 жылдан ашык | 10 |
| 5-8 жылдын ашык | 20 |
| 13-жылдык жогору | 30 |

## 5.Жумуш убактысы, эс алуу жана кадрларды ишке орноштуруу, кесиптик даярдоо маселелери

5.1.Жумуш убактысы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 50-беренесинен тартып 62-беренесине чейин жетекчиликке алып жүргүзүлөт.

5.2. Ош мамлекеттик университетинин кызматкерлеринин эс алуу убактысы Эмгек кодексинин 63,64,65,66,67-беренелери аркылуу жөнгө салынат.

5.3.Кадрларды кесиптик даярдоо жана кайра даярдоодо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 121, 122, 123, 124, 125,126, 127-беренелеринин негизинде жолго коюлат.

## 6. Эмгекти коргоо жана коопсуздук жана социалдык жеңилдиктер жана кепилдиктер

6.1. Ош мамлекеттик университетинде эмгекти коргоо Эмгек кодексинин 203,204,205,206, 207, 208, 209-беренелерин жетекчиликке алуу менен ишке ашырылат.

6.2. Кызматкерлердин коопсуз, таза жана өзүнчө даараткана жана душ менен камсыз кылуу жана алардын ичүүчү таза сууга жетүүсүн кепилдөө.

6.3. Адекаттуу сандагы кол жуучу жайларды жана дезинфекциялоочу каражаттардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

6.4. Кесиптик бирлик менен биргеликте өндүрүштүк чөйрөдөгү тобокелдик факторлорун кызматкерлердин ден соолугуна тийгизген терс таасирин жоюуга же азайтууга

Сканировано с CamScanner

багытталган эмгек шарттарын жана ден соолукту чыңдоо боюнча конкретүү чараларды жыл сайын иштеп чыксын жана ишке ашырсын.

6.5. Ош мамлекеттик университетинде иштеген иш стажы бар кызматкерлерге кошумча акы төлөнүүчү өргүүлөрдү берүү;

- 15-жылдан ашык иштегендерге 7 календардык күн.

Кошумча өргүү кызматкер ар жылдык эмгек өргүүсүнө чыкканда берилет. Ар жылдык кошумча отпускалар кошулуп берилет. "Эмгек кодексинин 69-беренесинин 2-пункт".

6.6. Кызматкер дүйнөдөн кайткан учурда админстративдик кеңештин жана кесиптик бирликтин президиумунун чечимдери менен:

- Ректорат 12 000 ( он эки миң) сом өлчөмүндө
- Кесиптик бирлик комитети 4000 (төрт миң) сом өлчөмүндө материалдык жардамдар төлөнүп берилет.

Кызматкерлердин үй-бүлө мүчөөлөрүнүн бири каза болгондо:

- Ректорат 6000 (алты миң) сом өлчөмүндө;
- Профсоюз комитети 2000 (эки миң) сом өлчөмүндө;

материалдык жардам көрсөтүлөт.

Эгерде жакыны (ата-эне, баласы, кызы, бир тууганы) каза болсо бир гана кызматкердин атына төлөнүп берилет.

6.7. Кызматкерлердин юбилейлик жашына карата төмөнкүдөй акчалай сый акылар көрсөтүлөт:

- 60 жашка толсо 5 000 (беш миң) сом өлчөмүндө;
- 70 жашка толсо 7 000 (жети миң) сом өлчөмүндө;
- 80 жашка толсо 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө;

6.8. Университеттин көзөмөлчү кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жана каржылык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен университет төмөнкү төлөмдөрдү жана жеңилдиктерди бере алат.

1) Илимдин кандидатты илимий даражасы үчүн 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө бир жолку акчалай сыйлык;

2) Илимдин доктору илимий даражасы үчүн 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндө бир жолку акчалай сыйлыктар төлөнүп берилет.

6.9. Кызматкерлерди сыйлоо алардын ишинин сапатына, натыйжалуулугуна жана акыркы натыйжаларына жараша кызматкерлердин эмгегин стимулдаштыруу, адистердин

Сканировано с CamScanner

квалификациясын жогорулатууга, татаал жана жооптуу иштерди аткарууга кызыгуусун күчөтүү максатында каралат.

6.10. Эмгек тартибин бузгандыгы, кызматкер ага жүктөлгөн эмгек милдеттерин жүйөлүү себептерсиз аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн кызматкер сыйлыктан ажыратылат.

6.11. Календардык жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча эмгек акы төлөөнүн шарттарында каралган үстөктөрдү, кошумча акыларды, сыйлыктарды жана башка төлөмдөрдү эске алуу менен орточо айлык эмгек акынын өлчөмүндө сый акы төлөнөт.

Эгерде кызматкер толук эмес календарлык жыл иштесе, сый акы иштеген убактысына пропорциялуу төлөнөт.

**7.Ош мамлекеттик университетинин кесиптик бирлик комитетинин ишинин кепилдиктери**

7.1. Кесиптик бирлик комитетинин иши үчүн зарыл болгон жабдуулар жана жайлар, байланыш каражаттары, транспорт, ошондой эле эс алуу жайлары, студенттердин ден соолугун чыңдоо комплекстери жана башкалар менен бекер пайдаланууга берүүгө.

7.2. Кызматкерлердин өкүлчүлүктүү органдарынын шайлануучу кызмат орундарына шайланууга байланыштуу өндүрүштүк иштен бошотулган кызматкерлерди, алардын шайлануучу ыйгарым укуктары аяктагандан кийин мурдагы жумушуна кайтарууга.

7.3. Кесиптик бирликтин шайлануучу органдардын курамына кирген жана негизги жумушунан бошотулбаган кызматкерлердин эмгек акысын сактоо менен:

- Кесиптик бирлик комитетинин төрагасынын же төрайымынын коомдук милдеттерин аткарууга, жамааттык келишим боюнча компанияларга катышууга;
- Съезддерге, конференцияларга, кесиптик бирлик комитеттеринин жыйналыштарына делегат же мүчө катары катышууга;
- Коомдук иш чараларга катышуу учурларында бош убакыт берилет.

7.4. Кесиптик бирликтин мүчөлүк акыларын 1 айлык маянасынан 1% чегерүү накталай эмес каражаттар менен бухгалтерия аркылуу жүргүзүүгө.

**8.Студент жаштардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жаатында**

8.1.Ош мамлекеттик университетинин жетекчилигине студенттик жатаканаларда талаптагыдай жашоо шарттарын түзүүгө, анда дени сак жана коопсуз жашоо шарттарын камсыз кылууга зарыл каражаттарды бөлүүнү сунуштоо.

8.2.Студент жаштар менен алардын укуктук сабаттуулугун, укугун жана кызыкчылыгын коргоо механизмдерин жогорулатуу максатында семинарларды, консультацияларды уюштуруу.

Сканировано с CamScanner

8.3. Студенттердин жана аспиранттардын стипендияларынын өлчөмүн жашоо минимумунун деңгээлине ырааттуу жакындатуу максатында стипендия менен камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү.

8.4. Студенттер жана кызматкерлер үчүн жатаканаларда,кызматташтык баатирлерде жашоо аянтын бөлүштүрүүгө катышуу.

Жатаканаларда, ошондой эле университеттинкызматтык батирлеринде жашаган студенттердинжана кызматкерлердин жашоо шарттарын текшерүүнү уюштуруу, жатакана жана батирлерди пайдалануу үчүн жыйымдардын туура төлөнүшүн көзөмөлдөө.

8.5. Имараттардын колдонулушун, коомдук тамактануу ишканаларын жанатурмуш-тиричилик жактан тейлөөнү көзөмөлдөп, аныкталган кемчилдиктерди жоюу боюнча администрацияга сунуш киргизет.

8.6. Студенттекшаарчаларда, жатаканаларда турмуш-тиричилик жактан тейлөө, кийим жана бут кийимди оңдоо жана тигүү боюнча чеберканаларды, тиричилик, спорт, маданий буюмдарын ижарага алуу кеңселерин уюштуруу.

8.7. Окумуштуулар кеңеши менен биргеликте студенттердин коомдук жана илимий – изилдөө иштерин, чарбалык ишмердүүлүгүн жандандыруу жана өркүндөтүү, студенттик коомдук, илимий-техникалык чыгармачылыкты өнүктүрүү, коомдук жана илимий изилдөө элементтерин окуу процессине киргизүү.

8.8. Студенттерге стипендияларды дайындоо жана төлөө тартиби жөнүндө нускаманын колдонулушун көзөмөлдөө.

8.9. Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн зарыл шарттарды түзүү, китепканалардын, окуу залдарынын, кабинеттеринин, жатаканалардагы жумуш бөлмөлөрүнүн ишин жакшыртуу, студенттер арасында окуу китептерин жана окуу куралдарын туура жайылтуу.

## 9. Жамааттык келишимдин аткарылышы

Жамааттык келишимди колдонулуп жаткан мөөнөттүн ичинде өзгөртүү жана толуктоо жамааттык келишимде аныкталган тараптардын өз ара макулдашуусу менен, эгерде ал аныкталбаса – аны түзүү үчүн мыйзамда каралган тартипте жүргүзүлөт.

Жамааттык келишимдин аткарылышын контролдоо түздөн-түз тараптар же алар ыйгарым укук берген өкүлдөр тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жамааттык келишимге кол койгон тараптар жыл сайын же жамааттык келишимде каралган мөөнөттө анын аткарылышы жөнүндө эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда (конференциясында) отчёт берип турушат.

Тараптар жамааттык келишимге ылайык анын жоболорун бузгандыгы, анын ичинде өзүнө алган милдеттемелерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

Сканировано с CamScanner

## 10. Жамааттык келишим түзүүнүн ченемдик укуктук негиздери

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:

1998 – жылдын 16-октябрындагы №130 "Профсоюздар жөнүндө", "2003-жылдын 25-июлундагы №154 "Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелери чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк жөнүндө".

3. Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын Кеңешинин Президиумунун 04.10.2024-жыл №20-5 токтому менен бекитилген "Жамааттык келишимдин типтүү жобосу".

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында үч тараптуу макулдашуу жана жамааттык келишим түзүү, 2024-жыл методикалык колдонмо.

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин жана Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин ортосундагы 2024-2026 жылдардагы макулдашуусу.

ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобеков

ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин

төрагасы, доцент А.Э. Саттаров

"17" 09 2025-жыл

Сканировано с CamScanner